УДК 950

Исмаев А.Р., Кангелдиев Б.С.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# XIX- КЫЛЫМДЫН 40- 50- ЖЫЛДАРЫНДАГЫ БОРОМБАЙ МАНАПТЫН БУГУ УРУУСУНДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ ОРДУ

*Бул макалада XIX-кылымдын 40-50- жылдарындагы Боромбай манаптын алган коомдук саясий орду жөнүндө жана бугу элинин Орусиянын курамына кирүү процессиндеги анын жасаган саясий иш аракети, ролу чагылдырылган.*

Кыргыз элинин тагдырында саясий маанилүү, тарыхый бурулуштуу окуялардан XIX кылымдын ортосуна туура келет, мезгилге жараша заман өзүнүн улуу инсандарын тарых айдыңына алып чыккан. Ал замандагы орчундуу окуялардын чордонунда Боромбай Меңмурат уулу турган.

XIX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн Бугу уруусунун башкы манабы Боромбай. Ал өз элинин камкор, көсөм жетекчиси, ар кандай саясий, согуштук иште алысты көрө билген кылдат стратег, ири демократ, феодал, куюлуштуруп сүйлөгөн чечен, акын болгон. Ал мамлекеттик чебер ишмер, элдин бакубаттыгы үчүн күч-кубатын, аң-сезимдүү өмүрүн тартуулаган адам болгондуктан, өмүрүнүн акырына чейин көл бугусунун гана улуу даражалуу өкүмдар-манабы эмес, бугу уруусу менен танапташ, аралаш жашаган дөөлөс, саруу, мундуз, коңурат, саяк, катаган ж.б. уруудагы элдердин да даанышман, кара кылды как жарган калыс, адилет жетекчиси болгон. Ошондон улам эл аны жигит пири Султан деп аташкан. Акыйкат чындык жана эл биримдигин ачып ырдаган Боромбай өкүмдар:

Акбөкөн келип жыгылат, алдын казып ордосо,
Акшумкар келип чалынат, саятчы алдын торосо.
Душманына кор болот, өз тууганы кордосо,
Ийри жыгач түз болот,тезге салып оңдосо.
Жаманда эмне ал калат, жемелеп катуу зордосо,
Жакшынын иши оңолбойт, акыйкаты болбосо...

Боромбай-султан тарыхый инсандардын ичинен, аттын кашкасындай айырмаланып турган, өмүрү драмалуу, башынан далай кыйналыштуу, кыжаалат окуяларды өткөргөн, элдин башында туруп, уюткулуу ынтымак курган уруу күрөштөрүнүн кесепетинен орус, кытай, казак сыяктуу улуу элдер менен дипломатиялык мамиле кылган, акыры Ысыккөл кыргыздарын Россия империясынын карамагына өткөрүүгө элчилерин жөнөтүп, прогресске умтулган кыраакы, акылман инсан. Ысыккөлдүн чөлкөмүндө бир башчынын жоопкерчилигине топтоого акелердин көсөмү жана бийлердин макулдугу менен башчылыкка Боромбайды көрсөтүшкөн. XIX кылымдын биринчи жарымынын акыр жагында бугу уруусунун абалы өтө оорлоду. Боромбайдын Россияга кошулуудагы чечкиндүү кадамы өз учурундагы өтө маанилүү, келечектүү саясий жүрүш катары бааланган. Муну менен ал үч утушка жетишкен. Биринчиси – Цин империясынын, казактардын, Кокон хандыгынын кысымынан кутулган. Экинчиси – кыргыз жерлерине орноткон чеп-коргондорун талкалап, Кокон сарбаздарын сүрүп чыгып, кыргыздар өз жерлерине өздөрү ээ болгон. Үчүнчүсү – мыкты куралданган, аскердик тактикасы күчтүү, армиясы бар, Россияга өз эрки менен кирип берип, элин алааматтан сактап калган.

Боромбай тууралуу өз заманындагы саясатчы, саякатчылар да, кийинки тарыхчылар да калыс пикирлерин жазып калтырышкан. Мисалы, казак элинин улуу окумуштуусу, саякатчы Чокон Валиханов Боромбайдын сөзмөр, акылдуу чеберчилигине таң калган. Валиханов ошол мезгилдерде Кыргызстанга келип, көл өрөөнүнөн Боромбайга кезигип, аны менен маек курган. Анын портретин карандаш менен тартат. Ал эми анын үч аялын художник П.Кошаров акварель менен тартат. Окумуштуунун айтымында көлдү ээлеген бугу, сарыбагыш, саяктардын барктуусу да, байы да, күчтүүсү да Боромбайдын уруусу

белек болгон. Бугу эли 10-миң түтүндөн турат. Бугулар жайкысын Жыргалаңдын боюнда жайгашкан. Эгерде, Ч. Валихановдун айтканы боюнча Боромбай султан 1856-жылы 75 жаштын ары жагындагы инсан болсо, анда ал ошол учурда 78 жашка келген. Демек, анын туулган жылы 1778-жылга туура келет.

1824-жылы Семипалатинскилик көпөс С.Поповдун кызматчысы (приказчиги) казандык татар Файзулла Сейфуллин, Семипалатинскиде жашоочу ишимдик мещанин П.А.Пиленков менен казак султаны Галий Адилевдин төлөнгүтү Уйсунбай Шукуров бугу уруусунун үч уругунун (желдең, арык тукум жана белек) бийлерин өздөрүн орус букараларыбыз деп таанууга жана ушул максатта Россияга элчилерди жиберүүгө көндүрүшкөн. Россиянын курамына өтүүгө экинчи ирет бий Акымбек Олжобаев (арык тукумунан 12 бийдин ишенимдүүсү) Умбетов Мамбет старчин менен, бий Алгазы Шералин (белек тукумунан 3 бийдин ишенимдүүсү) Исянов Шарбек жана Асанбаев Токтогул старчиндер менен, бий Алымбек Жапалаков (желдең тукумунан 8 бийдин ишенимдүүсү) Айтназаров Бекбай старчин менен Омбуга (Омск) элчиликке жөнөтүлгөн. 1825-жылы 5-январда Омбуда Ысыккөлдүк элчилерди Батыш Сибирь генерал-губернатору П.М.Капсевич жылуу кабыл алып, ар бирине шакек, жана баалуу белектерди тартуулап, өкмөттүн сыйлыгына көрсөтүп, Петербургга барууга жолдомо берген. Ысыккөлдүктөрдү өз жерине кайтып барышын камсыз кылып, алар менен бирге орус бийлигинин маанилүү милдеттер жүктөлгөн расмий өкүлү катарында губернатор элчилер менен кошо 120 казак орус аскерин жетектеген подполковник Ф.К.Шубиндин жана хорунжий Т.В. Нюхалов 60 казак орус аскери о.э. Омскидеги гарнизондук полктун дарыгери Ф.К.Зибберштейнди кошуп жөнөткөн. Кошуундун негизги максаты, Бугу уруусунан конкреттүү милдеттерди талап кылып, Казактар менен Кыргыздардын жолу аркылуу Чыгыш-Туркестан, Кашкарга соода байланышын жүргүзүү эле. 1825-жылы Жыргалаң суусунун боюнда чоң жыйын өтүп, ага уруу башчылары менен бирге Орус элчилери катышкан. Бул жыйын жөнүндө Зибберштейндин күндөлүгүндө мындайча эскерилет: “Кашкарга кетчүү кербен жолу, Ысыккөлдүн табияты, Бугу уруусунун саясий абалы, турмушу, коңшу өлкөлөргө карата алардын мамилеси, бийлери ж.б. тууралуу так маалыматтарды жазган. Анын жазганына караганда 1824-ж. августта алар келген кезде Бугу уруусуна караштуу айылдарга Кокон ханынан элчилер келип кыргыз бийлерин Мадалы хандын бийлигине өз эрки менен баш ийүүгө үндөп, атүгүл талап кылып жатышкан. Кокон хандыгынын өкүлдөрү жиберген бирөөсү коконго, бирөөсү казактын султаны Куланга кошулууга үгүт жүргүзүп жатышты. Орус аскерлеринин коштоосунда кайтып келгенине шерденген, Россиянын күчүнө, колдоосуна ишенген Акымбек Олжобаев менен Алымбек Жапалаков алгачкылардан болуп Кокон ханынын талабын четке кагып, баардык уруктардын башчыларын Батыш Сибирь генерал-губернаторунун өтүнүчтөрүн аткарууга, ынтымак-ымала кылууга чакырып, Орусиянын курамына өтүүнү жактап, жыйындын бүтөөрү менен Батыш Сибирь генерал-губернаторуна ыраазычылык билдирген каттарды жөнөтүүгө көндүргөн”. Кыргыз депутаттары эки жылдан кийин өздөрүнүн баалуу сыйлыктарын алышкан. А.Олжобаев Андреев лентасынын сызмагына кыстарылган алтын медаль жана аты жазылган кылыч менен сыйланган. Жапалак Кутлин Андреев лентасындагы сызмагына кыстарылган алтын медаль жана грамота тапшырылган.Тапшырууну Батыш Сибирь бийлигинин өкүлү А.Л.Бубенов жүргүзүп,ал көчмөн бугуларынын жеринде бир айга чейин жүрүп өзү менен кошо Омск областынын жетекчисинин орун басары С.Б.Броневскийге жана Батыш Сибирь генерал-губернатору П.М. Капсевичтин адресине, кыргыз бийлеринин ыраазычылык катын ала кеткен.

1825-жылы Кокон хандыгы өзүнүн тышкы саясатын түндүк тарапка активдештире баштаган. Аламүдүн суусунун сол жээгиндеги дөңсөө, Кыргыздардын отурукташкан жери жана соода кербендер өтө турган жолуна кокондуктар төбөлдүк кылыш үчүн, Пишпек чебин тургузган. Бул жерден ысыккөлдүктөргө элчилерин жиберип, хандыктын курамына кирүүнү талап кылышкан аракети ишке ашпасын билип, 1831-жылы кокон баскынчылары Ысыккөлгө чабуул коюшкан. 1841-жылы Боромбай манаптын

жетекчилиги менен он жыл эзүүдө жаткан элин Кокон баскынчыларынан куткарып, Каракол, Барскоон, Коңурөлөң чептерин талкалап,1843-жылы Кызыл-Үңкүр коргонуу чебин курат. Боромбай 1844-жылы августта Россиянын курамына өтүү үчүн өзгөчө элчилерди императорго жиберүү оюн билдирген. Ал эми ноябрда тышкы иштер министри К.В. Нессельродко жана Батыш-Сибирь генерал-губернатору П.Д.Горчаковго билдирүү катын жөнөткөн. Декабрь айында билдирүү катына сый белектер берилип, бирок Россиянын курмына кирүү маселеси бугу уруусунун жердеген аймагы Россиядан алыс турат деген шылтоонун негизинде кийинкиге калтырылган. 1847-жылы ушундай өтүнүч менен солто манабы Жангарач, сарбагыш манаптары Жантай жана Ормон, кийинки жылы Чүй өрөөнүн жердеген кыргыздардын бир бөлүгү жана Ысыккөл кыргыздарынын бир бөлүгү кайрылышкан. Бирок Орус бийлиги ар кандай шарттардан улам кайрылуу сунушунун кароо мөөнөтүн кийинкиге калтырып келишкен. Боромбай бий санаалаш бугу манап бийлери менен бирге 1853-жылы күзүндө Батыш Сибирь генерал-губернаторуна жаңы кат жөнөтүп өзү башкарган уруу-уруктарын Россиянын букаралыгына кабыл алууну дагы бир ирет өтүнөт. Катта бугу уруусу "коңшулаш элдердин тынымсыз кол салуу коркунучуна кабылганы, күндүр-түндүр кайсыл бир тараптан кол салуудан чочулашканы" баса көрсөтүлгөн. Кокон хандыгы Бугу уруусуна өзгөчө коркунуч туудуруп жатканы жазылган.

1853-жылы сентябрда Боромбай башында турган Бугу уруусу да, Чоң Ордонун өкүлдөрү аркылуу Батыш Сибирь губернаторуна кат жиберген. Бул катта Россиянын букаралыгына өтүү тууралуу элдин айныбас каалоо-тилеги билдирилген. Ушундан соң императордун макулдугу менен падыша өкмөтү Ысыккөлдүк кыргыздарды Россиянын букаралыгына алуу тууралуу чечим чыгарган. Боромбай, Качыбек Шералыны 1854-жылы 26-сентябрда Батыш Сибирь генерал-губернаторуна ысыккөлдүк кыргыздардын делегациясы ант берүү үчүн Омбу (Омск) шаарына келген. 1855-жылы 17-январда 10 миңдей үйбүлөдөн турган ысыккөлдүк кыргыздардын атынан ант барилген.

Татыктуу манап Меңмурат уулу Боромбайга, Качыбек Шералин, Сарпек Саскинге, Мурataалы бий Бирназаровго жана башка манаптарга, ошондой эле Бугу уруусунун аксакалдарына № 768 буйругандыгы билдирүүсү:

Бугу уруусунан элчиликке шайланган аткаруучу манап, капитан Качыбек Шералин Бугу уруусунун атынан ант берүүсү көптөгөн генералдардын жана Батыш Сибирь башкармасынын чиновниктерининин катышуусу менен кыргыз султандыгы салтанаттуу түрдө куран кармап ант берген. Бугу уруусу жогорку ыйык даражалуу мамлекеттин императору Николай Павловичтин букаралыгына киргендигин билдирет. Императордун кайрылуусунда: Силердин жогорку даражадагы манап Боромбай Меңмуратка жалпы орус армиясынын подполковниги чини берилсин. Император Бугу уруусун куттуктоо менен, «силердин тынчтыкта өз жергеңерге жана Чоң Ордого көчүп жүрүүңөргө жана силердин жерден өткөн купецтердин соодасын өз жериңерде тосуп алып, башка көчмөндөрдөн коргоосун күтөт» (31-январь, 1855-ж. Омск шаары).

Бугу кыргыздарынын Россиянын букаралыгына биринчи кабыл алынышы элдин турмушунда өзгөчө жаңы баракты ачып, Кыргызстандын бүткүл территориясынын Россиянын курамына ырааттуу түрдө кошулуш процессине негиз салган. Россиянын букаралыгын кабыл алуу менен 1856-жылдан кийин жергиликтүү элде келечекте жакшы турмушта жашайбыз деген ишеним жана Кокон хандыгына, ошондой эле башка басып алуучулар менен эзүүчүлөргө каршы чыгуу чечкиндүүлүгү күч алган.

**Адабияттар**


1. Бартольд В.В. Киргизы (исторический очерк). -Ф., 1943, 68-бет.
2. Хасанов А.Х. Из истории Киргизии XIX века. –Ф.: Киручпедгиз, 1959, 28-бет.
3. Исторический архив. -М., 1936, Т. 1. 242-бет.
4. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений. 2-том.